**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
ОшМУнун аккредитация жана
билим берүүнүн сапаты
департаментинин директору
__________ проф. *Алтыбаева М.А.*
«_____»__________________2023 ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
ОшМУнун окуу иштери боюнча
проректору ________ *доц. Божонов З.С.*
«14» ______04______2023-ж.

***530600 «Журналистика» багытынын "Журналистика" адистиги боюнча мамлекеттик аттестациясынын программасы (2022-2023-окуу жылы)***

| № | Компетенциялар | Суроолор жана тапшырмалар | Дисциплиналар |
|---|---|---|---|
| **1-ОН – гуманитардык жана табигый илимдердин негизги жоболорун пайдалануу аркылуу учурдагы жашоого багыт алууга жөндөмдүү** | | | |
| 1. | **ЖК-1.** Курчап турган чөйрө жөнүндө билиминин жалпы илимий системасын өздөштүргөн, жашоодогу, маданияттагы баалуулуктарды барктоого жөндөмдүү; **СЛК-2.** Өзүнүн жетишкендиктерин жана кемчиликтерин сындай билүүгө, жетишкендиктерин өнүктүрүү жана кемчиликтерин четтетүү боюнча жолдорду жана каражаттарды тандай билет; **СЛК-4.** Алган билимин жашоонун сергек образын пропагандалоо, жаратылышты | Кыргыз ММКларында экология темасынын чагылдырылышын мисалдары менен талдап бериңиз. Экология темасында кандай теле берүү даярдаса болот, сценарийин түзүп көрсөтүңүз. | Экология, Журналистиканын негиздери |
| 2. | | Кыргыз ММКларында зордук-зомбулуктардын чагылдырылышын талдап бериңиз. Акыркы жылдарда үй-бүлөлүк зомбулуктан улам жабыркаган аялдардын мисалдары негизинде аналитикалык макала жазыңыз. | Философия, Журналистиканын кесиптик этикасы |
| 3. | | ММКлардын бүгүнкү күндөгү укуктук, саясий, адеп-ахлактык жоопкерчилигин мүнөздөп бергиле жана кемчиликтерин аныктагыла. ММКлардын журналисттин этикалык кодексин бузган учурларынан мисал берип, талдоо жүргүзүңүз. | Философия, Журналистиканын негиздери, Журналистиканын кесиптик этикасы |
| 4. | | Журналисттин негизги милдеттеринин аткарылышын мүнөздөп бергиле. Журналисттин коомдогу орду жана милдеттери кандай? | Философия, Журналистиканын негиздери, Журналистиканын кесиптик этикасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | коргоо жана кен байлыктарды туура пайдалануу үчүн колдоно билет. Өнүккөн өздүк рефлекске ээ болуу, өзүнүн социалдык жана профессионалдык тажрыйбасына сын көз менен мамиле кыла билүү. | “Ош шаарында тазалык көйгөйлөрү” аттуу темада фотосюжет даярдап, шаарыбыздагы тазалыктын абалын чагылдырып бериңиз? | Экология, Фотожурналистика |
| **2-ОН –кесиптик ишмердүүлүгүндө маалымат менен иштөөнүн негизги ыкмаларын, программалык каражаттарды пайдаланат** | | | |
| 6. | **ЖК-2**. Профессионалдык маселелерин чечүүдө математикалык /табигый/ гуманитардык/ экономикалык илимдердин базалык негизин колдонот;<br>**ЖК-3.** Өз алдынча тынымсыз аракети менен, анын ичинде заманбап маалымат технологияларын колдонуу менен жаңы билимдерге ээ болот;<br>**ЖК-5.** Илимдеги, техникадагы жана технологиядагы, профессионалдык чөйрөдөгү жаңы кубулуштардын социалдык-экономикалык жана маданий таасирлерин (жыйынтыктарын) талдай жана баалай билет; | Интернет-ЖМКлардагы мультимедиа жанрлары тууралы сөз кылыңыз жана бир нече медиа платформада кабар даярдап көрсөтүңүз. | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы, Жазуу жана редактирлөө көндүмдөрү |
| 7. | | Заманбап ЖМКларда конвергенция (биргелешүү же жакындашуу) процесси, же болбосо мультимедиа доорунда кабар даярдоонун талаптары тууралы кеп кылыңыз. | Журналистиканын негиздери, Журналистиканын психологиясы жана социологиясы, Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы |
| 8. | | Ааламдашуу (глобалдашуу) процесси тууралы сөз кылыңыз жана ааламдашуу процессинин оң жана терс жактарын салыштырып макала даярдаңыз. | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, Журналистиканын негиздери |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9. | | Интернет жана жаңы медиа доорунда *кайтарым байланыш*тын (feedback) жаңыча формаларынын мисалдарын интернет булактар аркылуу көрсөтүп бериңиз. Алардын салттык журналистикадагы *кайтарым байланыш*тан кандай айырмалары бар деп ойлойсуз? | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, Журналистиканын негиздери, Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы |
| 10. | | Кэпшн-видеонун аткарган кызматы жана коомго тийгизген таасирин айтуу менен бирге бир темада кыска кэпшн-видео жасап бериңиз. | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, ЖМКнын техника жана технологисы |
| 11. | **ПК-7.** Түрдүү булактардан маалымат топтой билүү, ар түрдүү ыкмаларды колдонуп, маалымат издөөнүн негизи катары электрондук база менен иштөөгө жөндөмдүү; | Күнүмдүк жашооңордо кандай маалымат базаларын пайдаланасыз, мисал келтирип көрсөтүп бериңиз. | ЖМКнын техника жана технологисы, Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы, Жазуу жана редактирлөө көндүмдөрү |
| 12. | **ИК-5.** Маалымат алуунун, сактоонун жана иштеп чыгуунун негизги ыкмаларын, жолдорун жана каражаттарын, маалыматты башкаруу каражаты катары компьютерди, анын ичинде глобалдык компьютерлердин жана корпоративдик маалымат системасын колдонууга жөндөмдүү; | Жаңы маалымат технологияларынын күнүмдүк жашообузга тийгизген таасирин мүнөздөп бериңиз жана жаңы маалымат технологиялары доорунда маалыматка ээ болуунун жолдорун мисалдар менен көрсөтүп бериңиз. | Жазуу жана редактирлөө көндүмдөрү, Коммуникациядагы компьютердик технологиялар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3-ОН – кыргыз (С1), орус (В2) жана чет тилинде (англис тили В1) пикир алышууну ишке ашыра алат** | | | |
| 13. | **ИК-2.** Мамлекеттик жана официалдык тилдерде өзүнүн оозеки жана жазуу речин логикалык жактан туура, аргументтүү жана так түзө билет;<br>**ИК-3.** Чет тилдердин бирин социалдык пикир алышуу деңгээлинде билет (проф.); | Кандай Кыргызстандык жана чет өлкөлүк белгилүү гезит, радио жана телекөрсөтүүлөрдү билесиңер? Алардын өзгөчөлүктөрү менен айырмачылыктарын кыскача баяндамада мамлекеттик жана расмий тилдерде талдап бериңиз. | Журналистиканын негиздери, Кесиптик чет тили |
| 14. | | Чет өлкөлүк (Азаттык, Би-би-си ж.б.) радиолор менен Ата мекендик радиолордун ишмердүүлүгүн салыштырып, сиз билген чет тилде анализдеп айтып бериңиз. | Журналистиканын негиздери, Кесиптик чет тили |
| 15. | | Дүйнөлүк жана жергиликтүү социалдык түйүндөрдө феномендер: Алардын окшоштуктары жана айырмачылыктарын талдоо менен битге англис тилинен кыргыз тилине өтүп жаткан жаңыча сөздөрдү анализдеп бериңиз. | Кесиптик чет тили, ММКнын техника жана технологисы, Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы |
| **4-ОН – рефлексиянын негизинде өз ишмердүүлүгүнө баа берет, түзөтүү киргизет жана өзүн өнүктүрүүнү пландаштырат.** | | | |
| 16. | **ОК-6.** Өз эмгегин илимий негизде жана ишмердигинин жыйынтыгынын өз алдынчалыгын баалай алат;<br>**ИК-1**. Маалыматты кабыл алат, кеңейтет жана талдайт, ага жетүү үчүн максат коюуга жана жолдорун табууга жөндөмдүү;<br>**ИК-4.** Иштиктүү пикир алмашууну: эл алдында чыгып сүйлөө, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, жыйындарды өткөрүү, ишке байланыштуу кат | Илим изилдөөдө эмпиризм деген эмне жана кандай фундаменталдуу принциптерге таянат? | Илим изилдөө методдору жана методологиясы |
| 17. | | Методологияда индукция жана дедукция усулдары туурасында бири бири менен салыштыруу аркылуу баяндап бериңиз | Илим изилдөө методдору жана методологиясы |
| 18. | | Журналисттик практикада маалыматты эки булактан тактоо деген эмне жана анын максаты кандай? Мисалдар менен түшүндүрүп, бир маалыматты эки булактан тактап бериңиз. | ЖМКнын техника жана технологисы, Эффективдүү баарлашуу жана риторика |
| 19. | | Телекөрсөтүүнү даярдоонун негизги этаптарынын актуалдуулугун чечмелеп бериңиз жана өлкөдөгү экономикалык, саясий же болбосо | Оператордук иш (монтаж), |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | алышууларды, электрондук коммуникацияны жүзөгө ашыра алат; | социалдык маселелер туурансында бир телекөрсөтүү даярдап көрсөтүп бериңиз. | Эффективдүү баарлашуу жана риторика, Сунуу ыкмалары |
| 20. | **ИК-6**.Уюштуруу чечимдерин иштеп чыгууга катыша алат; **СЛК-5.** Коллективде (жамаатта), анын ичинен дисциплина аралык долбоорлордо иштөөгө жөндөмдүү. | Телевидение репортажынын негизги компоненттерин мүнөздөп бергиле. | Оператордук иш (монтаж), Коммуникациядагы компьютердик технологиялар |
| 21. | | *Кайтарым байланыш* (feedback) түшүнүгү тууарасында маалымат бериңиз. *Кайтарым байланыш* кандай жолдор аркылуу ишке ашуусу мүмкүн, мисалдар менен түшүндүрүп бериңиз? | Журналистиканын негиздери, Коммуникация теориялары |
| 22. | | Кабар даярдоодо дата визуализация каражаттарынын (б.а. диаграмма, графика, таблица, иллюстрация, карта ж.б.) колдонулуу максаты эмнеде? Мисал катары дата визуализация каражаттарынын бирөөсүн даярдаңыз. | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, Графикалык дизайн |
| **5-ОН – ММКнын бардык жанрларында материал даярдоодо конвергенттик журналистиканын принциптерине ылайык иштей билет.** | | | |
| 23. | **ПК-2.** ММКнын учурдагы жанрдык жана стилдик структурасын, печаттык басылмалардын кеңири таралган форматтарын, теле-радио программаларды, Интернет-ММКны ж.б билүү; **ПК-3.** Дүйнөлүк жана атамекендик адабияттын жана журналистиканын тарыхынын негизги этаптарын билет жана | Коомдук телерадиоберүү жана басылмалардын жеке менчик телерадиоберүү жана басылмалардан кандай өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн? Кыргызстанда кандай коомдук медиа органдарын билесиз? | Оператордук иш (монтаж), Журналистиканын психологиясы жана социологиясы |
| 24. | | Маалымат агенттигинин башка медиа органдарынан кандай өзгөчөлүктөрү бар? Кыргызстанда кандай маалымат агенттиктерин билесиз, ушул тууарасында кыска аналитикалык баяндама даярдаңыз. | Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы, Журналистиканын негиздери |
| 25. | | Кыргызстанда биринчи журналист деп кимди айтсак болот жана аны азыркы учурдагы журналисттер менен кандай айырмачылыгы бар | Журналистиканын тарыхы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | учурдагы ММКнын практикасы үчүн анын тажрыйбасынын маанисин түшүнөт; **ПК-5**. Басма сөздө, телекөрсөтүүдө, радиоуктурууда, Интернет-ММКда, мобилдик медиада колдонулган заманбап техникалык базанын негиздерин жана жаңы цифралык технологияларды колдонот; | экендигин анализдер бергиле. | |
| 26. | | Журналистиканын антика дүйнөсүндө жана орто кылымдар тарыхында баштапкы жолдору кандай болгон? | Журналистиканын тарыхы |
| 27. | | Кыргыз телевидениесинин өнүгүү этаптарын айтып бергиле жана учурдагы абалына баа бергиле. Кыргыз телевидениесинин өнүгүү тарыхын баяндаган радиосюжет даярдаңыз. | Журналистиканын тарыхы, Оператордук иш (монтаж) |
| 28. | | Инфографика эмне үчүн колдонулат жана артыкчылыктарын айтып бергиле. Инфографиканы кандай программалар менен даярдоого болот, салыштырып айтып бергиле. | Графикалык дизайн, ММКнын техника жана технологисы |
| 29. | | Журналисттик кабар жазууда *терс пирамида* ыкмасы туурасында бир кабар мисалында түшүндүрмө бериңиз. | Массалык коммуникациянын теориясы жана практикасы, Журналистиканын негиздери |
| **6-ОН – Журналисттик этикалык кодексти, социалдык жоопкерчиликти, маалыматтык коопсуздуктун баалуулугун жана изилдөө ыкмаларын өздөштүрүп, журналисттик иликтөө жүргүзө алат.** | | | |
| 30. | **ОК-4.** Салтуу методиканы билет, түшүнөт жана колдонот, аны иш жүзүнө ашыра да билет. Иликтөө ишмердигинин базалык ыкмаларын колдонуу менен долбоорлордун үстүнөн иштөөгө катышат; **ПК-1.** Журналисттик адистиктин негизги багыттарынын спецификасын билет (жаңылыктык | Мультимедиа журналистикасынын “салттуу” деп аталган журналистикадан айырмаларын атап бериңиз. | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, Журналистиканын психологиясы жана социологиясы |
| 31. | | | |
| 32. | | Ток-шоу менен реалити шоу программларына ортосундагы айырмачылыктарын чечмелеп бергиле. | Оператордук иш (монтаж) |
| 33. | | Блогер менен журналисттин окшоштуктары жана айырмалары тууралуу түшүндүрмө бериңиз. Журналист бир эле учурда блогер да боло алабы? | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар, Журналистиканын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | журналистика, проблемалык-аналитикалык, иликтөөчүлүк, көркөм-публицистикалык, «көңүл ачуучу» ж.б.у.с.); | | психологиясы жана социологиясы |
| 34. | | Фотожурналистикада көркөм-публицистикалык жана маалыматтык-публицистикалык жанрларды мисалдар менен айырмалап бериңиз. | Фотожурналистика |
| 35. | **ПК-4.** Эл аралык гуманитардык укуктун негиздерин, ММКдагы автордук укукту, ММКнын ишин жөнгө салуучу укуктук нормаларды, ошондой эле журналисттин милдеттерин толук түшүнөт; | Бүгүнкү күндө ММКлардын негизги укуктарынын сакталышын мисал келтирүү менен мүнөздөп бергиле. | Журналистиканын кесиптик этикасы |
| 36. | | Согуш жана кылмыш темаларын чагылдырууда журналисттин көңүл буруусу зарыл болгон учурларды белгилеп бериңиз. | Журналистиканын кесиптик этикасы, Лингвистикалык экспертиза |
| 37. | **ПК-6**. Журналисттик этиканын принциптерине ылайык өзүнүн профессионалдык ишмердигин түзө билет, адистик катары журналистиканы өнүктүрүүнүн закон ченемдүүлүктөрүн түшүнөт; | Журналисттик кесиптик этиканын алты негизги принцибин түшүндүрүп, аныктама бергиле. | Журналистиканын кесиптик этикасы, |
| | **ПК-12**. Журналистик адистиктин спецификасын, журналисттин негизги социалдык ролун түшүнөт, адистиктин базалык мүнөз-дөмөсүн жана журналисттин личносттук структурасын билет; | Журналисттик этикалык кодекстеринин пайда болуу тарыхын айтып жана учурдагы актуалдуулугун аныктап бергиле? | Журналистиканын кесиптик этикасы, Журналистиканын тарыхы |
| **7-ОН – Менеджмент жана маркетингдик базалык билимин пайдаланып, ММК ишканаларында профессионалдык ишмердүүлүгүн жүргүзө алат.** | | | |
| 38. | **ПК-9.** Заманбап базар мамиле | Чыр-чатакты чагылдырууда журналисттин ролун мүнөздөп, мисал | Журналистиканын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | шарттарында ММКнын ишмердигинин законченемдүүлүктөрүн түшүнүү менен өзүнүн профессионалдык ишмердигин түзө билет; | келтирүү менен айтып бергиле. Чыр-чатак темасында бир гезит, радио же болбосо телеберүү көрсөтүп талдап бергиле. | кесиптик этикасы, Лингвистикалык экспертиза |
| 39. | | Маалымат жана медиасабаттуулукту канткенде жогорулатууга болот деп ойлойсуңар жана ага журналисттер кандай салым кошо алат? | ЖМКнын техника жана технологиясы, Лингвистикалык экспертиза |
| 40. | **ПК-11.** Өзүнүн журналисттик ишмердигинде ПР жана реклама жөнүндөгү билимин колдоно билет; | Аудиториянын активдүүлүк фактору катарында жаңы медиа туурасында мисалдары менен бирге айтып бериңиз. | Коммуникациядагы компьютердик технологиялар |
| 41. | | Журналисттик практикада жана ПР тармагында элди сурамжылоо (анкета) кандай максатта колдонулат? Анкета кандай жүргүзүлүшү керек? | Илим изилдөө методдору жана методологиясы, Жазуу жана редактирлөө көндүмдөрү |

Программа жетекчиси: PhD, Жапаралиев Шербол

ТМИнин бөлүм башчысы: ф.-м.и.к., доцент Аркабаев Н.К.

ЭАББПЖМнын директору: ф.-м.и.д., профессор Турсунов Д.А.